# Т.Салыкбаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин педагогикалык №1 кеңешмеси.

"28.08" 2020 Кара-Шаар айылы.

Баары - 18
Себептүүсү – 1
Себепсизи –

**Күн тартибинде каралуучу маселе.**

1. **2020-2021 окуу жылынын милдеттери жана мектепти өнүктүрүү планын бекитүү.**

**Мектептин окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары А.Тургамбаеванын сөзү:**
Мектептин 2020-2021 окуу жылында Т.Салыкбаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин ишмердүүлүгүнө жүргүзгөн талдоо боюнча отчетто

1. Окуу планынын аткарлышы.
2. Окуучулардын жетишкендиктери (билим сапатын, олимпиада, ачык сабактар) предметтик кружоктор жана башкалар жөнүндө токтолуп,
3. Окутуу жана тарбиялоо жана сабак берүү.

Калыптандыруучу баалоо боюнча мугалимдердин ачык сабактарында, окуучуларды көптөгөн компетентүүлүктөргө көндүм алганын белгилеп кетти.

4. Мектептеги климат же ички эрежелер.
5. Ресурстар.
6. Башкаруу жана МӨП турмушка ашыруу боюнча толугу менен токтолуп кетти.

**Мектептин тарбия иштери боюнча директордун орун басары Т.Шаршенованын сөзү:**
Мектепте өткөрүлгөн ачык тарбиялык сааттарда окуучулардын Ата мекенди сүйүүгө, эмгектенүүгө тарбиялоого көңүл бурулганын жана класстан тышкаркы иштер жөнүндо токтолуп кетти.

Мектептин директору А.Эркимбаеванын сөзү:
Т.Салыкбаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин миссиясын, мектептин отчеттук картасын, көйгөйлөрдү талдап, узак мөөнөттүү максат башкача айтканда 2021-2025 окуу жылына милдеттерди кабыл алууну сунуштады. Ал милдеттердеги иш чаралардын аткарлышында окуучулар жана мектептин ишмердүлүгү кандай жетишкендиктерин көрсөткүчү болорун белгилеп кетти.

**Жогорудагы маселени угуп жана талкуулап педагогикалык кеңешме чечим кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын билим берүү министирлигинин инструкциясынын 2017 жылынын № 58 буйругунун негизинде 2021-2025 окуу жылында Т.Салыкбаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин мектепти өнүктүрүү планы (МӨП) бекитилсин.

2. Белгиленген милдеттердин аткарлышы ар бир мугалимдин негизги милдети болупэсептелсин жана пландын аткарлышын көзөмөлдөө мектеп администрациясына милдеттендирилсин.

Пед советтин төрайымы: ____________ А.Эркимбаева

Пед советтин катчысы: ____________ Шабданбек к А.